УДК: 821.512.154
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.12

Асакеева Д., Бактыбек кызы Айгерим
К. Карасаев атындагы БМУ

# КЫРГЫЗ ЖАЗУУЧУЛАРЫ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ЗАКАЗ

**Кыскача мазмуну:** Макалада кыргыз совет адабиятынын XX кылымдагы өнүгүшүнө социалдык заказ түшүнүгү кандай таасир бергендиги, бул түшүнүк кайдан, эмнеден келип чыккандыгы, кыргыз акын-жазуучуларынын заказ боюнча коюлган талап-милдеттерди кандай аткарышкандары тууралуу изилдөө жүрөт. Социалдык заказдын совет адабиятында пайда болуш шарты, кимдер тарабынан өркүндөп-өскөнүнөн тартып, калыптануу процесси тууралуу да айтылат. Кыргыз жеринде социалисттик коомдун түзүлүшүнүн натыйжасында жаңы коом жана жаңы цивилизациянын орун алышы, эски менен жаңынын диалогу жана кагылышуусу, жаңы доордун карама-каршылыгы, Совет бийлигинин маданий трансформацияны башташы анализденет. Кыргыз акын-жазуучуларынын "социалдык заказды" кандай аткарышкандыктарын, бул багытта эмгектенгендерин К. Баялиновдун "Боордоштор" романынын мисалында салыштырма-тарыхый иликтөө аркылуу ачылып көрсөтүлөт. Улуттук адабияттын өсүү процесси, жаңыланышы, жаңы замандын келиши менен профессионал адабияттын жаралышы, адабияттын саясатташа башташы, саясий абалдын, идеологиянын чыгармачылыкка тийгизген таасири ж.б. таасиринин алдыда өзгөрүүгө учурагандыгы ж.б. маселелерге анализ жүргүзүлөт.

**Түйүндүү сөздөр:** идея, интернационализм, жаңы доор, саясат жана адабият, концепция, тематика, проблематика, социалдык заказ, чыгармачылык.

Асакеева Д., Бактыбек кызы Айгерим
БГУ им. К. Карасаева

# КЫРГЫЗСКИЕ ПИСАТЕЛИ И СОЦИАЛЬНЫЙ ЗАКАЗ

**Аннотация:** В статье рассматривается, как концепция социального заказа повлияла на развитие кыргызской советской литературы в XX веке, откуда взялась эта концепция и как кыргызские поэты-писатели выполняли требования, поставленные заказом. Также упоминаются условия возникновения социального строя в советской литературе, процесс его формирования, от его развития и кем становление. В результате становления на кыргызской земле социалистического общества, возникновения нового общества и новой цивилизации, диалога и конфликта старого и нового, противоречий новой эпохи, начала культурных преобразований Советского правительства анализируются. Как кыргызские поэты-писатели выполняли «социальный заказ» и работали в этом направлении. На примере романа Баялинова «Боордоштор» он раскрывается путем сравнительно-исторического исследования. Процесс роста и обновления национальной литературы, появление профессиональной литературы с наступлением новой эпохи, начало политизации литературы, влияние политической конъюнктуры, идеологии на творчество и др. будущая смена влияния и т. д. анализируются проблемы.

**Ключевые слова:** идея, интернационализм, эпоха, политика и литература, концепция, тематика, проблематика, социалный заказ, творчество.

**Asakeeva D., Baktybek k. Aigerim**
**BSU named after К. Karasaev**

## KYRGYZ WRITERS AND SOCIAL ORDER

**Abstract:** The article discusses how the concept of social order influenced the development of Kyrgyz Soviet literature in the twentieth century, where this concept came from and how Kyrgyz poets-writers fulfilled the requirements set by the order. Also mentioned are the conditions for the emergence of a social system in Soviet literature, the process of its formation, from its development and by whom it became. As a result of the formation of a socialist society on the Kyrgyz land, the emergence of a new society and a new civilization, the dialogue and conflict of the old and the new, the contradictions of the new era, the beginning of the cultural transformations of the Soviet government are analyzed. How Kyrgyz poets-writers fulfilled the «social order» and worked in this direction. On the example of Bayalinov's novel «Boordashtor», it is revealed through a comparative historical study. The process of growth and renewal of national literature, the emergence of professional literature with the onset of a new era, the beginning of the politicization of literature, the influence of the political situation, ideology on creativity, and other future changes in influence, etc., problems are analyzed.

**Keywords:** idea, internationalism, epoch, politics and literature, concept, themes, problems, social order, creativity.

Азыркы күндө артка кайрылып, кыргыз совет адабиятынын XX кылымдагы өнүгүш тарыхын карап келсек, улуттук адабиятыбыз бир топ кызыктуу да, танкалыштуу да маанайда өнүккөндүгү байкалат. Жаралганынан көп узабастан өлкөдөгү абалга жараша өнүгүү багытында кеткендиги ачык болот. Чыгармачылыктын мындай маанайда уланышы ал мезгилдин саясатына ылайык болгондугу, "Социалдык заказ" түшүнүгүнүн келип чыгышы жана көптөгөн жылдар бою көркөм адабиятты башкаруусуна байланыштуу болуптур. Мына ушул өңүттөн бул эмне деген түшүнүк, кыргыз адабиятына кандай таасир берген ж.б. кайрыла кетсек.

"Социалдык заказ" деген совет доорунда кеңири тараган, көркөм чыгарманын жаралышы башкаруучу бийликтин жазуу, же оозеки көрсөтмөсүнүн натыйжасында, бийликтин идеологиясына ылайык жана анын кызыкчылыгы үчүн формулировкаларын чагылдырган түшүнүк" [1; с. 101-102.] – деп аныктама берилген "Социалдык заказ" деген түшүнүк «ЛЕФ» (Левый фронт искусств) аттуу адабий топ тарабынан 1922-жылы пайда болгон. Бул уюм тууралуу айта кетсек, аны В.В. Маяковский 1921-жылы Наркомпростон басмакана уюштуруу боюнча уруксаат сурайт, бирок журнал чыгарууну чечет, жыйынтыгында «ЛЕФ» аттуу журнал пайда болот. «ЛЕФтин» мүчөлөрү О. Брик, Н. Асеев, Б. Арватов, В. Шкловский, Б. Пастернак (1927-жылы чыгып кеткен), С. Третьяков ж.б. болушкан. Журнал (1923-жылдан 1925-жылга чейин чыгып, 1927-жылдан 1928-жылга чейин «Новый Леф» деген ат менен жарык көргөн). ЛЕФтин теориялык програмасынын

негизин "социалдык заказ" (О. Брик, Б. Арватовдор тарабынан пайда болгон) түзгөн, бул программа боюнча көркөм ойлоп табуучулук менен «чыгармачылык индивидуалдуулукту» четке кагуу менен бирге "баары керектүү болушу керек, анын искусство да" деген идеалды ишке ашыруу жана большевиктердин «буржуазиялык искусствого» карата болгон терс мамилесин жактыруу менен акыйкаттуу мамлекет түзүүгө болгон ишеничти ишке ашыруу болгон. О. Брик «Против «творческой» личности» – деген лозунгду ойлоп тапкан жана ишке кийирген.

"Социалдык заказ" акын-жазуучу көркөм чыгарманын тематикасы менен проблематикасын көрсөтүп турган тапка кызмат кылышы керек деген идеяны ишке ашыргандыгынын натыйжасында адабияттын таптык мүнөзү алдыга чыгып, чыгармачылык процесс таанып-билүү маанисинен ажырап, чыгармачылык "буюм" жасап чыгарууга окшошуп, тап менен жазуучунун мамилеси "заказчы" менен "өндүрүүчүнүн" мамилеси катары чыгып, жазуучунун милдети коомдук тапшырманы аткарууга багытталып калган. Бул түшүнүктү чыгаруучулардын бири О. Брик: "Акын – сөздүн чебери, сөз жаратуучу, өз табына, өз социалдык тобуна кызмат кылуучу. Эмне жөнүндө жазыш керек керектөөчү айтып турат. Акындар теманы ойлоп таппай, чөйрөдөн алат" [2; 214-б.] – деп, айтса. В.В. Маяковский: «Биз ойлоп-табуучулар эмес, а социалдык заказды аткаруучу-чеберлербиз» [3; – с. 41] - деп айткан.

"Леф" журналы жаңы эстетиканы талкуулоонун борборуна айланып, "социалдык заказдын" теориялык жана чыгармачылык трибунасы болуу аркылуу көркөм чыгарманын пафосу социалисттик курулуштун милдеттерине кызмат кылуу болгон жана чыгармачылыккты бир жакка багыттаган. Бул Н. Бердяев айткандай: "Биздин доордо жазуучу, сүрөткер оор абалда калып", сүрөтчү-жаратуучу ички үнүнө баш ийбестен талап кылуу менен сырттан берилген буйрукка баш ийген абал жаралган. Жыйынтыгында, искусство ишмерлерине коомдогу өзгөрүүлөрдү, көркөм адабият балдарды, жаштарды эл аралык абалды туура түшүнүүгө жана досту душмандан ажыратып билүүгө үйрөтүү талабы коюлган.

Мына ушундай максатта ишин баштаган "социалдык заказ" түшүнүгү реалдуулукка айланган, адабият тапшырманы алганга, а жазуучу аны аткарууга милдеттендирилген. Мисалы, балдар үчүн жазылган чыгармаларда оюнчуктар, жаныбарлар, кубаныч ж.б. аз чагылдырылып, негизги көңүл беш жылдык пландар, айыл чарбасындагы жаңылыктар, иштер жана башка боло баштаган. Тактап айтканда, көркөм чыгармачылык мамлекеттик башкарууга өткөн, адабиятты башкарууга жол ачылган, бул үчүн атайын уюм керек болгон, мындай уюм 1934-жылы түзүлгөн Жазуучулар Союзу болгон.

СССРдин Жазуучулар союзу адабиятты башкаруунун мамлекеттик-партиялык жетекчилиги болгон. Уюм түзүлгөндөн баштап, көркөм чыгармачылыкты

пропаганданын аппаратына айландырып, жазуучунун, адабий багыттардын тагдырын чечүүчү мамлекеттик командалык-бюрократтик системага акырындап айланган. Москвада башталган искусство чыгармаларын башкаруу жана мындан ары кандай өсүштө болоруна жол көрсөткөн токтом, чечимдер бул жылдарда кыргыз жергесинде да абдан күчөгөн. Жогорудагы талап, көрсөтмөлөргө ылайык ар кандай токтомдор кабыл алынып, кыргыз совет адабияты кандай өнүгүшү керек жана кандай чыгармалар жазылышы керек ж.б.у.с. көрсөтмөлөрдүн берилип турушун шарттаган.

Кыргыз Жазуучулар Союзу түзүлүшү жана анын жетекчиси болуп А. Токомбаевдин шайланышы, бир жыл өтпөй биринчи съездинин өтүшүнөн тартып, мазмуну боюнча социалисттик, формасы боюнча улуттук адабият түзүлүп, коюлган тапшырмаларды аткаруу активдүү башталган. Бул тууралуу: “Съезддин жыйынтыгы менен көркөм чыгарманын милдети такталып, акын-жазуучулар партиялык көрсөтмөлөрүнө ишенишип, ага жан-дили менен кызмат кылууга, тагыраак айтканда, “социалдык заказды” аткарууга киришкен мезгил жакындап калган. “Социалдык заказ” акын-жазуучулардан революциянын жеңишин, большевизмдин биротоло орношун, советтик бийликти, аны жараткан акылман жетекчилер, улуу көсөмдөр Ленин, Сталинди даңазалоону талап кылышкан. Аталган темалар бир чети “социалдык заказ” болсо, бир чети “социалдык зарылдык” болгон. Анткени, совет мамлекетинин идеологиясына жараша адабият саясатка негизделген эле” [4; 216-б.] – деп айтылгандай, «социалдык заказга» жараша темаларды чагылдыруу башталган. Бул мезгилде чыгармачылыгын баштаган кыргыз акын-жазуучуларынын дээрлик баары “социалдык заказ” боюнча чыгарма жаратууга киришишкен, анткени алар большевиктер партиясына, социализмге ишенишип, чыгармачылык деген мезгил эмнени талап кылса ошону аткаруу, тап күрөшүн сүрөттөө деп түшүнүшкөн. Ушул максатка ылайык чыгармаларын жаратышкан.

Улуттук адабиятыбыздын бийик чокусу болгон 60-жылдары адамдын жан дүйнөсүн, ички психологизмин аңдап туйган чыгармалар жаралып, стилдик жанрдык жактан жаңыча көз караштагы Чыңгыз Айтматов баштаган К. Каимов, А. Саспаев, К. Жусупов, М. Гапаров, М. Байжиев, К. Жусубалиев, А. Стамов жана башка прозаиктерибиз “алтымышынчылар” деп аталган адабий муундун өкүлдөрү катары адабиятты өнүктүрүүгө, башкысы жаңылоого аракеттенишип, психологизмге, лирикалуулукка умтулуп жаткан мезгилде “социалисттик реализм методуна” ылайык, метод койгон темаларды иштөө да уланып турган. Мисалы, кыргыз совет адабиятында активдүү иштеп келген белгилүү жазуучу Касымалы Баялинов баштагыдай эле социалисттик курулушка ишенип, совет коомунун көрсөткөн жолунан тайбай чыгармачылыгын уланткан. Дал ушул мезгилде “Боордоштор” (1962) аттуу үчилтик-романын жазат, роман-үчилтикте кыргыз эли башынан өткөргөн 20–30-жылдардагы “Интергельпонун” иш аракети, жаңы

социалисттик мамлекетти куруу максатында кыргыз эмгекчилери боордош элдердин эмгекчилери менен бирге кандай эмгектенишкендиктери сүрөттөлгөн. Тактап айтканда, "социалисттик реализм" методунун талабына ылайыкташкан – эл достугу темасын көтөрүп чыгып, совет мамлекетинин кандай өнүккөндүгүн чагылдырган чыгармасын жарыялаган.

"Боордоштор" романы үч китептен турат. Башкы каарман Рудольф Рудоушек аттуу чех адамы. Романдын каармандары бир топ жана ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү. Мисалы, Рудольф Рудоушек чех улутунун өкүлү болсо, Мамбет Сүйүмбаев – кыргыз. Магаза Масанчин – дунган, Касаткин, Черный – орус, Ташен Утепов – казак. Каармандардын мына ушундай түзүлүшүнөн улам достук темасы, интернационализм маселеси козголгонун байкайбыз. Дал ушундай каармандардан турган романын жазууда Советтер Союзунда жана коңшу социалисттик өлкөлөрдө жашаган көп улуттун турмушун, Октябрь революциясынын жеңишин, аны кыргыз сыяктуу элдерге орноткон жеңишин сүрөттөгөн.

Бул учурда «Улуттук жана интернационалдык» проблемасы Совет адабият таануу илиминде өтө курч коюлган маселе болгон, экинчиден,

К. Баялинов Советтик гумандуулук позициясы жана формасы көп улуттуу, мазмуну социалисттик адабияттын талабын, адабиятка таптуулук жана партиялуулук принциптен мамиле жасоо ыкмасын ишке ашырган. Мына ушундай көрүнүштүн натыйжасында жазуучу "Боордоштор" романында ал мезгилдеги башкы принцип болгон достук, интернационалдык мамилени алдыга алып чыккан. Романдан кыргыз элинин 30-жылдардагы коомдук турмушу, саясий абалы, мамлекет катары кандай түзүлүшкө ээ болгондугун, реалдуу турмушу, жашоолору кандай болгондугун билүүгө болот: "Кыргызстан ошол кездерде Автономиялуу Кара кыргыз область аталып, өз алдынча өргөөсү тигилип, анын алгачкы уюштуруу бюросу Ташкентте боло турган. Смольниковдун кеңеши менен Рудольф Ташкентке бармакчы, макулдашмакчы, андан ары Пишпекке чейин барып, "Интергельпого" жер да кестирип алмакчы болуп Орто Азияга жөнөп калды" [5; 217-б.]. Жазуучу мына ушундайча реалдуу чындыкты чагылдыруу менен бирге коюлган талапка жараша сюжет курган.

Романдын аты эле көрсөтүп тургандай романдагы башкы тема, негизги проблема эл достугу. Бул маселеге байланыштуу автор Октябрь революциясынын эл аралык мүнөзү, Орто Азиядагы, айрыкча Казакстанда Совет бийлигин орнотуу үчүн болгон күрөш сыяктуу бир катар башка темаларга да орчундуу көңүл бөлгөн. Тактап айтканда, социалдык заказды аткарган. Тактап айтканда: "Муну кээ бир акындар чын дилден, ишенип кабыл алышса, кээ бирлери коомдук маанайдын татаалдыгынан жазып башташкан. Анткени, "социалдык заказ" маселеси социалисттик реализмдин бир талабы болгон, Маяковский, Луначарский баштагандар "социалдык заказ"

маселеси сүрөткерди өзүнүн табы менен байланыштырып, чыгармачылык илхамдын ачылышына жол берет жана жазуучуга коомчулуктун алдында турган милдетти түшүнүшүнө жардамдашат деген талабы менен адабиятка аралашкан” [6; 219-220-бб.] – деп көрсөтүлгөндөй, жазуучу өз эрки менен бул заказды кадимки милдет катары аткарган.

“Буга чейин достук жана интернационализм, революция темасын мынчалык чоң көлөмдөгү чыгармада чечүү аракети кыргыз адабиятында өтө сейрек болгон. Ошондуктан автордун мындай демилгеси зор кубаттоого арзыйт” [7] – деп романдын артыкчылыгы катары бааланган интернационализм темасы кеңири ачылып берилген. Автордун интернационализм темасын чагылдыруу максатын койгондугуна ылайык сюжетин курган, образдарын түзгөн, мисалы, башкы каарман Рудольфтун күрөшчүл болуп өнүгүшү, М. Сүйүмбаевдин адам катары, инсан катары калыптанышын көрсөткөн. Экөө тең кичинесинен жетим калып, окуп, билим албастан, кыйналып чоңоюшса да, бара-бара күрөшчүл, чечкиндүү болуп чоңоюшат да большевиктик идеяны бекем тутушуп, социалисттик мамлекетти курууга бүт күчүн үрөшөт.

Роман интернационалдык темада жазылгандыгы тууралуу китептин аннотациясында да жазылып коюлган. Каармандар: кыргыз Мамбет Сүйүмбаев, чех Рудольф Рудоушек, казак Токаш Бокин, дунган Магаза Масанчин, орус Виноградов, татар Валий Шахабуддинов ж.б. экендиги баса белгиленген. Ошондой эле, М.В. Фрунзе, Куйбышев (түрккомиссиянын мүчөсү), Д. Фурманов (түркфронттун саясий башкармасынын начальниги) да катышат. Совет бийлигине каршы чыккан Мадамин-бек, Моюдин-бек, Колчак ж.б. тууралуу баяндалат. Окуя чех жергесиндеги турмушту, эмгекчилердин кедей-кембагалдарынын оор турмушун, Россиядагы Октябрь революциясынын жеңишин, Верный, Ташкенттеги турмуш, кыргыз жеринде совет бийлигинин орношун, аны чыңдоодо интернационалдык достук чоң жардам бергенин баяндайт, а достуктун түпкү мааниси – Социалисттик жаңы мамлекетти душмандардан коргоп калуу, келечегине кам көрүү болгон.

Романдын идеясы - социалисттик мамлекетти куруу үчүн болгон күрөштү көрсөтүү болгон. Мисалы, «III Интернационал батальонунун» (командири дунган Магаза Масанчин, жардамчысы Валий Шахабуддинов) түзүлүшү, дунган полкунун түзүлүшү (башчысы М. Масанчин) жана Жети-Сууга өрөөндү басмачылардан, бай-манаптардан бошотуу үчүн жөнөгөндөрү, Верныйдан баштап душмандар менен согушуп, актардан казак-кыргыз жерлерин бошоткондору, Жаркенттеги чалгынчылык иштер, М.В. Фрунзенин Ташкентке келиши, Масанчин менен жолугушканы (экөө мурда тааныш болгон, Масанчин арабекеч болуп жүргөндө Фрунзе окууга анын арабасы менен кеткенде таанышышкан), Ферганага, Анжиянга, Жалал-Абадка, Ошко келиши, аталган жерлердин актардан, басмачылардан бошотулушу, кыргыз

жергесиндеги “аялдар азаттыгы үчүн” күрөш, “Интергельпо” (өз ара жардамдашуу) деп аталган венгер, чех, словак, мадьяр улуттарынан турган уюм түзүлүшү, Ю. Фучик баш болуп, Россияга, Казакстанга, Кыргызстанга (Пишпекке) келиши, алардын клуб, үйлөрдү кургандары катары менен баяндала берет.

Романдын каармандары эки топко бөлүнгөн. Так айтканда, К. Баялинов каармандарын карама-каршы эки тарапка бөлүп сүрөттөгөн. Биринчи топко кедей-кембагалдардын өкүлдөрү, Верныйдан баштап кыргыз жерине революция орнотушкан: Рудольф Рудоушек, Мамбет Сүйүмбаев, Магаза Масанчин, Черный, Иосиф, Токаш Бокин, Ташен Утепов, П.А.Касаткин, Андрей Прокофьевич, Липатыч, Канай карыя, Амандык Канаев, Иликбай, Арстан, Ибрай, Иманбай, Айшакан, Айнагүл, Райымкул, Амина, Павлов, Валий Шахабуддинов ж.б.

Экинчи топко бай-манаптын өкүлдөрү, жаңы турмушту кабыл албаган каармандар кирген: Момунбек, Мырзакул, Райымкул, Ормотой бай, Түптүк кулак Чуракаев, Пржевальский үйөзүнүн чоңу Иванов, Убактылуу өкмөттүн башчысы Попелявский, мүчөлөрү Ходосов, Хромых, эсер Седов ж.б.

Автор эркиндик үчүн революция болордун алдын көрсөтүүнү максатында “тагдырлары ар башка, ар башка улуттагы адамдардын эңсегендери – эркиндик” деген ураанды койгон. Каармандары эркиндик үчүн күрөшүшөт, мисалы, Мамбет Сүйүмбаев сүргүндө жүргөндө ал жактан өзүнө окшогон каторжник Андрей Прокофьевич, Липатыч, Андрейлер менен таанышат. Түрмөдөн качып, бирок кармалып, Иркутскинин түрмөсүнө кайрадан отурат. Бирок, автор баса белгилегендей жүрөгү “өлбөстөн кайра чыйралат”. Сүрөттөөнүн мындай ыкмасы бир чети XX кылымдын башындагы тарыхый окуяларды, Октябрь революциясынын жеңишин, революцияны ишке ашыруудагы эр жүрөк адамдардын күрөштөрү менен бирге адамдын адам болуп, революционер болуп калыптанышын, ар башка улуттун өкүлдөрүнүн достук байланышын көрсөтүүнүн далалаты болгон.

Роман акыры чыгарманын пафосуна жараша көтөрүңкү көңүлдө: “Жашасын Совет өкмөтү!” – “Жашасын жолбашчыбыз Ленин!” – “Бүтсүн согуш!” – “Болсун тынчтык!” деген ураандар көчөлөргө, вокзалдын алды-артына илинген. ...Баарынын жүздөрүндө түгөнбөс шаттык, кубаныч бар. Ушунун баары да жакында, Орто Азия элинин жүрөгү болгон Ташкентте Убактылуу өкмөттүн кулап, анын ордуна Совет өкмөтү орногонун көрсөтөр эле” – деп, шаттанган элдин шаттуу маанайын көрсөтүү менен аяктайт.

Бул роман өз убагында жакшы бааланган, анткени совет бийлигин орнотуу жана чыңдоо үчүн сөзсүз түрдө пролетардын интернационалдык достугу, интернационалдык жардам керек болгон, ар кайсы улуттар бири-бирине жардамдашкан деген идея романдын жогору бааланышына алып келген. К. Баялинов ал мезгилдин чындыгынан

алыстабастан совет бийлиги талап кылган улуттардын достугун көрсөтүүнү максат кылган жана ишке ашыра алган. 60-жылдардын башында чыгармалардын жалпы интернационалдык пафосун күчөтө билүү милдети турган. Мына ушул милдетке ылайык башка улуттун өкүлдөрүнүн образдары да түзүлүүгө тийиш болгон. Мына ушул талап-милдеттен четтей алган эмес, өз доорунун милдетин романында толук ишке ашырган. Жыйынтыгында көп улуттуу совет элинин көп өкүлдөрүнүн турмушу чагылдырылган жана ар кыл улуттун өкүлдөрүнөн турган үчилтик-роман жаралган.

**Адабияттар**


1. Асакеева Д.Ж. Советтик идеология жана XX кылымдагы улуттук адабий-көркөм процесс. – Б., 2015.
2. Баялинов К. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. 2-т. – Ф.: Кыргызстан, 1970.
3. Брик О. Так называемый «формальный метод». «Леф», 1923. №1.
4. Гурьева Т.Н. Новый литературный словарь. – Ростов н/Д, Феникс, 2009, - 364 с.
5. Маяковский В.В., Брик О. Наша словесная работа, «Леф», 1923. №1.
6. Садыков А. Эл достугун баяндаган роман // Советтик Кыргызстан, 1963. 14-декабрь.
7. Бердяев Н.А. Литературное направление и социальный заказ // Путь. – 1931. – № 29.
8. Ульмасова З. Исторической роман как отражение реальности жизни. Вестник БГУ, № 2 (32) –Б., 2015, 127-132-бб.